КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ТОҢ РАЙОНУ

УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТОНСКИЙ РАЙОН

УЛАХОЛСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

---

ДЕПУТАТТАРДЫН УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕНЕШИНИН
VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XXXIX СЕССИЯСЫНЫН
№ 215 - Т О К Т О М У
30-август 2024-жыл

Кара-Шаар айылындагы Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин спорт залына ысым ыйгаруу жөнүндө

---

Кара-Шаар айылындагы Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин директору А.Эркимбаеванын, мектептин педагогикалык №1 кеңешмесинин негизинде жана укук, депутаттык этика, жаштар иштери жана маданият боюнча туруктуу комитетинин билдирүүсүн угуп жана талкуулап, Улахол айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Кара-Шаар айылындагы Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин спорт залына мектептин ардагери дене тарбия мугалими Үсөнакунов Ысмак Токталиевичтин ысымы ыйгарылсын.

2. Мектептин ардагер дене тарбия мугалими Үсөнакунов Ысмак Токталиевичке жана үй-бүлөө мүчөлөрүнө спорт залдын ар кандай материалдык муктаждыктарын чечүүгө жардамдашуу милдеттеидирилсин.

3. Токтомду аткаруу жагы Кара-Шаар айылындагы Т.Салыкбаев атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин директору А.Эркимбаевага милдеттендирилсин.

4. Улахол айылдык Кеңешинин 2024-жылдын 30-августундагы №215 токтому Ысык-Көл областык юстиция башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

Төрага А.Жолалиев

Катчы Д.Чыныбаева